**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ТОН РАЙОНУ**
**АК-ТЕРЕК**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОНСКИЙ РАЙОН**
**МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
**АК-ТЕРЕК**

---

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VIII чакырылышынын XV кезексиз сессиясы**

# ТОКТОМ

2026-жылдын 10-июну №209 Кара-Коо айылы

**Жер тилкелеринин багытын башка багытка өзгөртүүгө (трансформациялоо) сунуштоо жөнүндө**

Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы У.Э.Эмилбековдун 09.06.2026-ж. №01-7-1899 сандуу кайрылуусунун негизинде, Ак-Терек айыл өкмөтүнө караштуу Кара-Коо айылындагы №571, №587 контурунда жайгашкан, жалпы аянты 18,1 (он сегиз бүтүн ондон бир) гектар болгон жер тилкесинин ичинен 3,0 (үч) гектар жер аянтын таштанды таштоочу жай (полигон) куруу боюнча “Жайыт жерлер” багытынан, “Өнөр-жай, транспорт, байланыш, коргоо жана башка багыттагы жерлер” багытына которуу (трансформациялоо) боюнча Тоң райондук мамлекеттик администрациясына сунуш берүү жөнүндө сунушу угулуп, талкууланып Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Ак-Терек айыл аймагына караштуу Кара-Коо айылындагы №571, №587 контурларында жайгашкан, жалпы аянты 18,1 (он сегиз бүтүн ондон бир) гектар болгон жер тилкесинин ичинен 3,0 (үч) гектар жер аянтын “Жайыт жерлер” багытынан, “Өнөр-жай, транспорт, байланыш, коргоо жана башка багыттагы жерлер” багытына которуу (трансформациялоо) Тоң райондук мамлекеттик администрациясына сунушталсын.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл өкмөтүнүн башчысы У.Э. Эмилбековго милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы А.Дастановго тапшырылсын.

**Төрага** **А.А. Мамбетов**